| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

**ТОКТОМ**

**Мундуз айылы** **№ 22-3** **12-июнь 2026-жыл**

**Кызыл-Туу айыл аймагында “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн” өткөрүүгө арналган иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин негиздеп, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 11-февралындагы № 40 “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнү жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 3-июнундагы чыгыш № 01-23/1230 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 11-июнундагы № 11 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл аймагында “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн” өткөрүүгө арналган иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**